**“Өмүр багы”**

Бала кезде балдай таттуу сүйлөптүрмүн,
Бала таттуу экенин эч билбептирмин.
Эркелетип мени апам бооруна кысса,
Бул сезимди уят го деп сүрдөптүрмүн.

Кайырма:
Энекебай, эркелеткен мээримиңден,
Эч бирөөгө теңелбеген эмгегиңден.
Эми гана эне болуп сезип жатам,
Бала жытын бакыт берген неберeңден.
Оо, энеке, өмүрүңүз узун болсун,
Неберeңиз менден жакын кызың болсун.
Эл алдында кызың менен сыймыктанган,
Жарык чачып күлүп турган жүзүң болсун.
Эң кымбатың эмне десе сиз дептирмин,
Бала таттуу экенин эч билбептирмин.
Өмүр бою актай албайм ак сүтүңдү,
Апакебай, мен алдыңда милдеттүүмүн.
Кайырма: